**“БЕКИТЕМИН”**
**«Золотой Колос» айыл чарба өндүрүштүк-коммерциялык кооперативинин директору**
**Иманов Алмаз Кабылжанович**

_______________________________

**“ 10 ” ___04___ 2025 жыл**

**Илимий натыйжаларды, илимий-техникалык иштерди, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын ишке ашыруу жөнүндөгү**
**АКТ**

1. **Ишке ашыруунун авторлору (соавторлору) (толук аты-жөнү)** Омошев Төлөгөн Теңирович
2. **Илимий изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин жана (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын аталышы.** Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү
3. **Кыскача аннотация.** Мамлекеттин экономикалык өнүгүү стратегиясы биринчи кезекте айыл чарбасын жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүнү камтышы керек. Изилденип жаткан көйгөйдүн маанилүүлүгү башкаруу түзүмүн жана өндүрүштү уюштурууну экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу өркүндөтүүнүн эсебинен олуттуу натыйжаларга жетишүүгө боло тургандыгында турат. Заманбап ааламдашуу шарттарында Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплекси туруксуз абалда турат, анын учурдагы көйгөйлөрү агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти көбүнчө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен божомолдоо зарылчылыгы менен шартталган. Бирок, тилекке каршы, бул технологияларга суроо-талап төмөн бойдон калууда. Себеби, рынок экономикасында статистикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана айыл чарба өндүрүшүнүн өндүрүш факторлорунан көз карандылыгын аныктоого негизделген көйгөйлөрдү божомолдоого салттуу мамиле мамлекет тарабынан колдоого алынбай жана жөнгө салынбай жатат. Ошондуктан маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти божомолдоонун аймактык көйгөйлөрүн жана жаңы багыттарын аныктоо, ошондой эле бул жараянды мамлекеттик жөнгө салуунун жана колдоонун экономикалык механизмдерин өркүндөтүү зарыл.
4. **Ишке ашыруунун натыйжасы.** Диссертацияда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен агроөнөр жай

комплексинде илимий-техникалык прогрессти өнүктүрүү боюнча келтирилген сунуштар төмөнкүлөргө мүмкүндүк берди: а) айыл чарба өндүрүшүндө рыноктук түзүмдөрдү жана эркин экономикалык мамилелерди калыптандыруу шартында айыл чарба өндүрүшү үчүн аймактык жергиликтүү маалыматтык мейкиндикти түзүүнүн актуалдуулугун аныктоого; б) азыркы шарттарда агроөнөр жай комплексин башкаруунун натыйжалуулугун андан ары жакшыртуунун, жогорулатуунун, оптималдаштыруунун негизги багыттарын, ошондой эле экономикалык өсүштүн келечектеги сапаттык көрсөткүчтөрүн болжолдоонун жана экономикалык жараяндарды моделдештирүүнүн негизги багыттарын табууга; в) изилдөөдө сунушталган экономикалык өсүштү андан ары жогорулатуунун, айыл чарбасын жана онөр жайды башкаруунун атаандаштык тутумун оптималдаштыруунун жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун, ошондой эле экономикалык өсүштү оптималдаштыруунун жана агроөнөр жай комплексин башкаруунун атаандаштыкка жөндөмдүү инновациялык тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги багыттарын практика жүзүндө ишке ашырууга; г) айыл чарба ишканаларынын кредиттик рейтингинин төмөндөшүнө алып келген айыл чарба продукциясына болгон бааларды аныктоочу негизги факторлордон болуп саналышкан энергетикалык ресурстарга, минералдык жер семирткичтерге жана осүмдүктөрдү коргоо каражаттарына болгон баалардын өсүшүнүн уланып жатышын айыл чарбасындагы терс жагдайдын негизги себептеринин бири катары аныктоого; г) МКТга негизделген прогрессивдүү ыкмалардын негизинде айыл чарба өндүрүшүн мамлекеттик жөнгө салуунун жана башкаруунун багыттарын, схемаларын жана моделдерин иштеп чыгууга.

5. **Ишке ашырылган орду жана убактысы.** Бул иш-чаралар 2024-2025-жылдар аралыгында «Золотой Колос» айыл чарба өндүрүштүк-коммерциялык кооперативинде ишке ашырылган.
6. **Ишке ашыруунун формасы.** Диссертациянын жүрүшүндө автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар жогоруда аталган кооперативге анын ишин уюштуруу жана башкаруу үчүн сунушталган.

**“Золотой Колос” айыл чарба**
**өндүрүштүк-коммерциялык кооперативи**
**башкармалыгынын мүчөсү:** **Эшенкулов А.З.**